| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>КЫЗАРТ<br>БИРИКТИРИЛГЕН АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗАРТСКИЙ<br>ОБЪЕДИНЕННЫЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

**Кызарт айыл аймагынын бириктирилген айылдык кенешинин
I-чакырылышынын III-кезексиз сессиясынын
Токтому №5/6**

Жаны-Арык айылы

6-октябрь 2023-жыл

**Нарын облустук "Жумгал" өнүктүрүү фондуна долбоорлорду сунуштоо жөнүндө.**

Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Касымбек уулу Мамбеталы атындагы орто мектебинин эски имаратын оңдоп-түзөөдөн өткөрүп күрөш залын ачуу долбоору жана Куйручук айылындагы "Чолок-Арык" каналынын 3 чакырым бөлүгүн таш тизип бетондоо долбоорун Нарын облустук "Жумгал" өнүктүрүү фондуна сунуштоо жөнүндө жана Кызарт айылынын жогорку бөлүгүндө жайгашкан "Абдыкерим" БСРин механикалык тазалоодон өткөрүү боюнча долбоорун Жумгал райондук өнүктүрүү фондуна сунуштоо боюнча Кызарт бириктирилген айылдык кеңешинин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Кызарт бириктирилген айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кызарт айыл аймагынын Жаны-Арык айылындагы Касымбек ууулу Мамбеталы атындагы орто мектебинин эски имаратын оңдоп-түзөөдөн өткөрүп күрөш залын ачуу долбоору жана Куйручук айылындагы "Чолок-Арык" каналынын 3 чакырым бөлүгүн таш тизип бетондоо долбоору Нарын облустук "Жумгал" өнүктүрүү фондуна сунушталсын;

2. Кызарт айылынын жогорку бөлүгүндө жайгашкан "Абдыкерим" БСРин механикалык тазалоодон өткөрүү боюнча долбоору "Жумгал" райондук өнүктүрүү фондуна сунушталсын;

3. Жогорудагы долбоорлордун өздүк салымы үчүн коюлган акча каражаттары Кызарт айыл өкмөтүнүн 2024-жылга жергиликтүү бюджетинин долбоору каралганда бөлүнүп бериле тургандыгы белгиленсин;

4. Аталган долбоорлорду өз убагында дайындап тиешелүү иш кагаздарын бүткөрүп өткөрүү жагы Кызарт айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жусуповго милдеттендирилсин.

**Төрайым:** **М.Акматалиева.**